Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2021-жылдын II чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2021-жылдын II чейрегинде 98,6 пайызды түзүп, 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 3,2 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын II чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 95,4 пайызды түзгөн).


**1-таблица.** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2020-ж. II чейреги | 2021-ж. II чейреги | 2020-ж. II чейреги | 2021-ж. II чейреги | 2020-ж. II чейреги | 2021-ж. II чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **422 883,5** | **714 149,2** | **443 163,5** | **724 573,9** | **95,4** | **98,6** |
| Бишкек ш. | 206 652,8 | 390 132,2 | 212 093,2 | 388 231,9 | 97,4 | 100,5 |
| Ош ш. | 46 538,6 | 83 323,0 | 52 760,0 | 86 349,7 | 88,2 | 96,5 |
| Чүй областы | 28 319,7 | 44 061,9 | 28 208,0 | 44 001,7 | 100,4 | 100,1 |
| Ысык-Көл областы | 24 680,0 | 33 229,5 | 26 206,9 | 34 750,9 | 94,2 | 95,6 |
| Талас областы | 14 188,3 | 16 614,6 | 15 271,2 | 17 813,3 | 92,9 | 93,3 |
| Нарын областы | 12 081,8 | 14 202,1 | 13 087,5 | 15 258,0 | 92,3 | 93,1 |
| Ош областы | 21 798,2 | 28 027,2 | 21 751,0 | 28 127,0 | 100,2 | 99,6 |
| Жалал-Абад областы | 48 204,9 | 74 632,0 | 53 415,9 | 80 065,7 | 90,2 | 93,2 |
| Баткен областы | 20 419,2 | 29 926,7 | 20 369,8 | 29 975,7 | 100,2 | 99,8 |

2020-жылдын II чейрегине салыштырганда 2021-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу төмөнкү региондордо өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 3,1 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 8,3 пайызга;
- Талас областы боюнча – 0,4 пайыз;
- Жалал-Абад областы боюнча – 3,0 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 0,8 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 1,4 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




2021-жылдын II чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча катталып, ал 100,5 пайызды түзгөн, ошондой эле Чүй областы боюнча – 100,1 пайыз жана Баткен областы боюнча – 99,8 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Нарын областы боюнча белгиленген – 93,1 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 714 149,2 млн сомду түзүү менен 2020-жылдын II чейрегине салыштырганда 68,9 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 320 041,6 млн сомду, көбөйүү 63,1 пайызды түзгөн (2020-жылдын II чейрегинде – 196 223,7 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 30 117,8 млн сомду, көбөйүү 63,2 пайызды (2020-жылдын II чейрегинде – 18 455,6 млн сомду) түзгөн;


- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 135 638,9 млн сом, көбөйүү 77,3 пайыз (2020-жылдын II чейрегинде – 76 511,2 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 42 081,8 млн сомду, көбөйүү 54,1 пайызды (2020-жылдын II чейрегинде – 27 314,7 млн сом) түзгөн;


- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 45 418,1 млн сомду, көбөйүү 49,3 пайызды (2020-жылдын II чейрегинде – 30 424,7 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 40 452,5 млн сом, 2 эсе көбөйгөн (2020-жылдын II чейрегинде – 19 712,5 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2020-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2021-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2021-жылдын II чейрегинде 724 573,9 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 63,5 пайызга көбөйгөн.

2021-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 319 755,4 млн сомду түзүп, 64,6 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын II чейрегинде – 194 293,5 млн сом);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 25 054,7 млн сомду түзүп, 82,6 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын II чейрегинде – 13 720,4 млн сом);

- банкоматтарды толуктоо – 171 664,9 млн сомду, көбөйүү 62,2 пайызды (2020-жылдын II чейрегинде – 105 823,0 млн сомду) түзгөн;

- локалдык акча которууларга төлөө – 36 274,3 млн сомду, көбөйүү 43,6 пайызды (2020-жылдын II чейрегинде – 25 268,0 млн сомду) түзгөн;


- товарларга төлөө – 4 625,4 млн сом, көбөйүү 76,9 пайыз (2020-жылдын II чейрегинде – 2 614,5 млн сом) чегинде белгиленген;

- чет өлкө валютасын сатып алуу – 65 464,0 млн сомду түзүп, 82,2 пайызга көбөйгөн (2020-жылдын II чейрегинде – 35 938,2 млн сом);


- эмгек акыны төлөө – 1 028,6 млн сом, көбөйүү 29,6 пайыз (2020-жылдын II чейрегинде – 793,8 млн сом) чегинде катталган.

## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

**4-график. 2020-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2021-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2021-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 58 544,9 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 46,7 пайызга көбөйгөн.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны 2021-жылдын II чейреги ичинде 1 898 104 төлөмдү түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 37,5 пайызга көбөйгөн.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2021-жылдын II чейрегинде 1 012 331,0 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 14,4 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 140 579 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 31,5 пайызга жогору.

**2-таблица.** *Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү*

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2020-ж. II чейреги | 1 380 610 | 39 914,0 | 106 879 | 884 866,7 | 1 487 489 | 924 780,7 |
| 2021-ж. II чейреги | 1 898 104 | 58 544,9 | 140 579 | 1 012 331,0 | 2 038 683 | 1 070 875,9 |

**2.3. Банктык төлөм карттар рыногу**

2021-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр бардык 22 коммерциялык банктар тарабынан сунушталган, анын ичинен 14 банк гана эл аралык төлөм системасын камсыз кылды.

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2021-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 3 504,0 миң картты түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 15,3 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

**- «Элкарт» улуттук системасы — 2 269 212 (64,8%):**
- «Элкарт» — 2 266 355 (64,7%);
- «Элкарт-UPI» — 2 857 (0,1%).

**- эл аралык системалар — 1 234 767 (35,2%):**
- VISA — 1 051 485 (30,0%);
- Master Card — 52 888 (1,5%);
- «Золотая Корона» (Россия) — 118 910 (3,4%);
- Union Pay International — 11 484 (0,3%).


**3-таблица.** *Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны*

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт -UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 577 560 | 2 302 | 10 052 | 728 655 | 30 942 | 30 671 | 1 380 182 | 39,4 |
| Чүй областы | 234 518 | 76 | 605 | 54 350 | 4 505 | 18 512 | 312 566 | 8,9 |
| Ысык-Көл областы | 199 162 | 72 | 129 | 47 376 | 2 461 | 7 804 | 257 004 | 7,3 |
| Нарын областы | 141 077 | 115 | 0 | 10 471 | 2 401 | 9 706 | 163 770 | 4,7 |
| Талас областы | 94 369 | 25 | 110 | 19 170 | 1 375 | 5 595 | 120 644 | 3,4 |
| Жалал-Абад областы | 400 717 | 99 | 417 | 77 073 | 4 444 | 20 157 | 502 907 | 14,4 |
| Ош областы | 424 523 | 143 | 155 | 88 123 | 5 095 | 16 311 | 534 350 | 15,2 |
| Баткен областы | 194 429 | 25 | 16 | 26 267 | 1 665 | 10 154 | 232 556 | 6,6 |
| **Жыйынтыгында** | **2 266 355** | **2 857** | **11 484** | **1 051 485** | **52 888** | **118 910** | **3 503 979** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. эң көп топтолгон деп мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу ушул жерде кыйла өнүккөн. Алсак, 2021-жылдын II чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 58,6 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча катталып, ал 2,4 пайызды түзгөн.

2021-жылдын II чейрегине карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 37,2 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 30,7 пайызды түзгөн.

**6-график. 2021-ж. 1-июлуна карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**7-график. 2021-ж. II чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)**




**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 1 867 банкоматтарда жана 12 127 POS-терминалдарда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 5,4 пайызга же 96 банкоматка, ал эми POS-терминалдар 5,3 пайызга же 609 POS-терминалга көбөйгөн).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системанын түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүлөрдү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары боюнча – 786 банкомат жана 6 046 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 222 банкомат жана 1 065 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы боюнча – 385 банкомат жана 1 391 POS-терминал.

**4-таблица.** *Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны (даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 704 | 7046 | 709 | 569 |
| Чүй областы | 189 | 772 | 217 | 214 |
| Ысык-Көл областы | 187 | 631 | 213 | 268 |
| Нарын областы | 81 | 130 | 140 | 103 |
| Талас областы | 73 | 142 | 90 | 131 |
| Жалал-Абад областы | 235 | 379 | 328 | 316 |
| Ош областы | 295 | 678 | 414 | 438 |
| Баткен областы | 103 | 77 | 161 | 157 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 867** | **9 855** | **2 272** | **2 196** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 97,0 млрд сом жалпы суммасында 20,5 миллион транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 53,7 жана 68,5 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 89,1 млрд сом жалпы суммасында 13,2 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 40,7 пайызга, көлөмү 64,9 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 7,9 млрд сом жалпы суммасында 7,3 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 84,0 пайызга, ал эми көлөмү 2,2 эсе көбөйгөн.

## 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2021-жылдын II чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валютанын 15 түрү боюнча ишке ашырылган. 2021-жылдын II чейреги ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 751,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 37,8 пайызга көбөйгөн.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 858,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 35,7 пайызга көбөйгөн.


## 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. 2021-жылдын II чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 65,6 млрд сом жалпы суммасында 3 333,9 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 68,8 жана 60,8, пайызга көбөйгөн.


Чыккан которуулардын саны 14,9 млрд сом жалпы суммасында 241,3 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 40,8 жана 69,0 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 35,5 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 62,9 пайызы туура келген.

**8-график. 2021-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2021-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




2021-жылдын II чейреги ичинде акча которууларды Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашыруу эрежелеринин финансылык которууларды

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан камсыз кылуу талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2021-жылдын II чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 240,7 млн АКШ доллары суммасында 357,8 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 31,2 жана 16,2 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 119,3 млн АКШ доллары суммасында 115,8 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 69,3 жана 63,7 пайызга көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 8,1 млн евро жалпы суммасында 24,1 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, көбөйүү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 77,5 жана 48,8 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 2,4 млн евро жалпы суммасында 1,9 миң транзакцияны түзгөн, мында көбөйүү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 0,8 жана 57,6 пайызды түзгөн.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 37 891,6 млн рубль суммасында 2 952,0 миң кирген которуу өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 74,8 жана 67,2 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулар боюнча 4 155,4 млн рубль суммасында 119,3 миң транзакция ишке ашырылган, көрсөткүчтөр өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,1 жана 34,9 пайызга көбөйгөн.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2021-жылдын II чейрегинде чыккан которуулар 118,0 млн теңге жалпы суммасында 0,8 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,7 жана 1,4 эсе көбөйгөн. Кирген акча которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**5-таблица.** *Акча которуу системалары боюнча акча которуулар*

| **Акча которуу системалары** | | **2020-ж. II ч.** | | **2021-ж. II ч.** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны, (миң даана** | **Көлөмү, (млн сом)** | **Саны, (миң даана** | **Көлөмү, (млн сом)** |
| Western Union | Кирген | 408,3 | 6 381,1 | 1 527,1 | 21 983,6 |
| | Чыккан | 7,2 | 403,7 | 8,6 | 629,9 |
| Contact | Кирген | 42,1 | 1 722,1 | 83,8 | 3 423,3 |
| | Чыккан | 23,9 | 733,8 | 16,2 | 969,3 |
| Money Gram | Кирген | 20,0 | 776,3 | 31,6 | 1 658,2 |
| | Чыккан | 1,0 | 66,1 | 1,4 | 107,9 |
| Юнистрим | Кирген | 39,4 | 1 808,8 | 45,5 | 1 790,6 |
| | Чыккан | 2,4 | 216,8 | 2,0 | 309,3 |
| БЛИЗКО | Кирген | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 462,0 | 29 993,3 | 1 638,8 | 36 502,1 |
| | Чыккан | 136,7 | 7 417,7 | 212,8 | 12 912,6 |
| RIA | Кирген | 3,8 | 131,7 | 7,2 | 286,1 |
| | Чыккан | 0,1 | 5,2 | 0,2 | 14,0 |
| UPT | Кирген | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,8 |
| | Чыккан | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | **Кирген** | 1 975,6 | 40 813,3 | 3333,9 | 65 644,6 |
| | **Чыккан** | 171,3 | 8 843,3 | 241,3 | 14 943,0 |

### 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2021-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 21 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 19 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 21 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2021-жылдын II чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 21,1 млрд сом жалпы суммасында 38,5 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 5,3 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 25,26 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 28,4 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 73,73 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 1,9 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 8,78 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 2,6 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,77 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 3,3 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 15,81 пайыз), ал эми электрондук капчыктарды толуктоо саны 2,3 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,97 пайызы) түзгөн.

***6-таблица.*** *Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:*

| № | **Төлөмдүн түрү** | **Саны** *(бирдик)* | **Үлүшү** *(%)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Үлүшү** *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 28 370 617 | 73,73 | 5 329 070,9 | 25,26 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 51 453 | 0,13 | 11 121,7 | 0,05 |
| 3 | Интернет | 489 295 | 1,27 | 414 585,7 | 1,97 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 2 300 582 | 5,98 | 1 452 699,9 | 6,89 |
| 5 | Салык жыйымдары | 96 190 | 0,25 | 221 791,5 | 1,05 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 62 126 | 0,16 | 62 062,5 | 0,29 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 145 818 | 0,38 | 115 058,8 | 0,55 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 1 044 369 | 2,71 | 2 878 151,7 | 13,64 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 261 892 | 0,68 | 727 510,9 | 3,45 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 959 901 | 2,49 | 4 705 100,2 | 22,30 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 2 298 493 | 5,97 | 3 336 282,2 | 15,81 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 118 972 | 0,31 | 230 997,1 | 1,09 |
| 13 | Социалдык тармактар | 12 342 | 0,03 | 4 151,5 | 0,02 |
| 14 | Интернет оюндары | 56 581 | 0,15 | 25 366,5 | 0,12 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 2 062 | 0,005 | 2 289,8 | 0,011 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 1 276 836 | 3,32 | 141 462,9 | 0,67 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 55 289 | 0,14 | 17 569,7 | 0,083 |
| 18 | Кулактандыруулар | 31 083 | 0,08 | 17 141,6 | 0,081 |
| 19 | Кайрымдуулук | 4 441 | 0,012 | 797,2 | 0,004 |
| 20 | Билим берүү | 19 112 | 0,05 | 62 707,3 | 0,30 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 2 421 | 0,006 | 1 384,2 | 0,007 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 816 753 | 2,12 | 1 340 114,0 | 6,35 |
| **2021-жылдын II чейрегинин жыйынтыгында** | | **38 476 628** | **100,0** | **21 097 417,9** | **100,0** |



10-график. Төлөмдөрдүн саны, %



11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.


Отчеттук мезгилдин II чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2020-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,14 эсеге көбөйүп, 9 071 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 2.7. Электрондук акча

2021-жылдын II чейрегинин акырына карата 7 (жети) коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча тогуз локалдык система иш алып барган, алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) ишин жүргүзгөн. Отчеттук мезгил ичинде бир система ишин токтоткон.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү менен ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 8,9 пайызга көбөйүү менен 4,1 млн капчыкты түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 46,5 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 1 107 минди түзгөн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 26,7 пайызы).

12-график. Электрондук капчыктардын санынын (млн бирдик)




13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү




2020-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 2,9 эсе көбөйүп, 2,9 млрд сомду түзгөн, ал эми акча каражаттарын которуулардын саны 1,5 млн операциянын тегерегин түзүү менен 6,4 эсеге көбөйгөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) операцияларынын көлөмү 2,3 эсе көбөйүп, 6,8 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 2,8 эсе көбөйүп, 1,4 млн жакын операцияны түзгөн;

- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 47,1 пайызга көбөйүп, 2,2 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 1,4 пайызга азайып, 3,5 млн операция чегинде катталган;

- электрондук акча эмиссиясы (чыгаруу) боюнча операциялардын көлөмү 99,4 пайызга көбөйүп, 9,4 млрд сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 28,4 пайызга азайып, 1,9 млн операцияны түзгөн.

**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

2021-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 81 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 12 агентке же 17,4 пайызга көбөйгөн. Бир нече банктар региондордо соода-тейлөө ишканаларынын кассаларынан нак акчаны алуу долбоорун жүзөгө ашырууда;

- 881 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 628 агентке же 3,5 эсеге көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

1) Өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, өлкө аралык тобокелдиктерди жана кабыл алынып жаткан чечимдерге башка өлкөлөрдүн саясий таасирлерин төмөндөтүү, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылдын 24-апрелинде № 57 «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) кол койгон.

2) Мыйзамга ылайык келтирүүнүн алкагында өзгөртүүлөр иштелип чыгып, 2021-жылдын 24-июнунда Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдору менен бекитилген:

- «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобо (№ 2021-П-14/34-4-(ПС) токтом);

- «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобо (№ 2021-П-14/34-5-(ПС) токтом).

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн түзүмүндө өзгөрүүлөр болгондугуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын биргелешкен токтомдорунун долбоорлору иштелип чыгып, алар 2021-жылдын 2-июнунда Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдору менен жактырылган:

- «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2011-жылдын 25-апрелиндеги № 189/11/4 «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Ведомстволор аралык комиссия түзүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын токтом долбоорун жактыруу жөнүндө» (№ 2021-П-14/30-2-(СПП) токтом);

- «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 «Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү

жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтом долбоорун жактыруу жөнүндө» (токтом № 2021-П-14/30-3-(СПП).

Жогоруда аталган биргелешкен токтомдордун долбоорлору министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу жана андан ары Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан кабыл алуу үчүн белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлгөн.

Ошондой эле коомдук талкуунун жыйынтыгы боюнча «Криптовалюталарды жүгүртүү жөнүндө» жана «Виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору келип түшкөн сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу менен жеткире иштелип чыкты.

Жыйынтыгында «Криптовалюталарды жүгүртүү жөнүндө» мыйзам долбоору толук иштелип чыгып, «Виртуалдык активдерге байланыштуу иш жөнүндө» деген алдын ала жаңы аталыш менен кеңейтилген. Бул мыйзам долбоорлору, аларды жактыруу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунуштоо тууралуу Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтом долбоорлору менен бирге, кызыкдар болгон министрликтер жана ведомстволор менен тез арада макулдашуу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине өткөрүлүп берилген, учурда аталган документтер боюнча макулдашуу процесси жүрүп жатат.

Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировка киргизүү мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.